| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII
чакырылышынын XII- сессиясы

ТОКТОМ

2022-жылдын 8-апрелиндеги № 15 Тамга айылы

**Тамга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Тамга айылында спирт ичимдиктерин сатпоого тыюуу салуу жөнүндө**

Тамга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Тамга айылында спирт ичимдиктерин сатпоого тыюуу салуу тууралуу Тамга айылынын жашоочуларынын жазган кайрылуусунун негизинде, айылдык кеңешинин депутаттары карап жана талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Тамга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Тамга айылында спирт ичимдиктерин сатпоого тыюуу салуу тууралуу Тамга айылынын жашоочуларынын жазган кайрылуусун эске алып, адамдын саламаттыгына зыян келтирип, башка оор кесепеттерге алып келип жаткандыгына байланыштуу, ар бир соода түйүндөрүндө, башка менчик турак жайларда спирт ичимдиктери сатылбасын.

2. Тамга айылында соода түйүндөрүндө жана башка менчик турак жайларда спирт ичимдиктерин саттырбоо боюнча көзөмөл жүргүзүүгө туруктуу комиссия курамы түзүлсүн:
   1. Аширов А. – Тамга айылынын имамы, комиссиянын төрагасы;
   2. Сабаев С. – Тамга айылдык ардагерлер кеңешинин төрагасы, комиссиянын мүчөсү;
   3. Мамбеталиева М. - айылдык кеңештин депутаты, комиссиянын мүчөсү;
   4. Ыдырысова А. - айылдык кеңештин депутаты, комиссиянын мүчөсү;
   5. Жорупбеков А. – Тамга айылынын тургуну, комиссиянын мүчөсү;
   6. Ниязбек у. К. - айылдык кеңештин депутаты, комиссиянын мүчөсү;
   7. Акжолтоев А. – айылдык кеңештин депутаты, комиссиянын мүчөсү;
   8. Манапбаев К. – Тамга айылынын тургуну, комиссиянын мүчөсү;
   9. Жусуев М. - Тамга айылынын тургуну, комиссиянын мүчөсү;
   10. Намазалиев Н. - Тамга айылынын тургуну, комиссиянын мүчөсү;
   11. Шакеева М. – айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча кызматкери, комиссиянын мүчөсү;

3. Токтомдун аткарылышы боюнча соода түйүндөрүнө жана менчик турак жайлардын ээлерине эскертүү берилсин, эгерде баш ийбесе 50 000 (элүү миң) сом айып пул салынсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана Тамга айылдык аксакалдар сотуна милдеттендирилсин

Төрагасы A.Букаров